ӘОЖ 419.992 73

# КЫРГЫЗ ЖАНА БАШКА ТҮРК ЭЛДЕРИНИН АНТРОПОНИМИЯЛАРЫНДАГЫ ОКШОШТУКТАР ЖӨНҮНДӨ
# THE SIMILARITIES IN ANTHROPONOMY OF KYRGYZ AND OTHER TURKIC PEOPLES

А.С. ЖОЛДОШБАЕВ*

**Аннотация**

Макалада кыргыз жана башка түрк элдеринин ысымдарындагы окшоштуктар жөнүндө айтылган. Макаланын мазмунун ачууда кыргыз жана башка түрк элдеринин антропонимиясынан мисалдар келтирилип, мааниси жана мотивацияларындагы окшоштуктар талдоого алынган.

**Ачкыч сөздөр:** Антропонимия, кыргыз жана башка түрк элдеринин ысымдары, ысымдардын мааниси жана мотивациясы.

**Summary**

This article discusses the similarities Kyrgyz anthroponomy and anthroponomy other Turkic peoples. In disclosing the theme article the corresponding examples held semantic analysis and motivation Kyrgyz names and the names of other Turkic peoples.

**Keywords:** Anthroponomy, names of Kyrgyz and other Turkic peoples, semantics and motivation names.

Уюткусу бир болгон түрк элдеринин антропониямиясында, антропонимиялык жөрөлгөлөрүндө көптөгөн окшоштуктар, шайкештиктер бар. Ошолор тууралуу айтып кетсек, анткени, тектеш элдердин ысымдары ар дайым кызыгууларды жаратып келген. Бүгүнкү күндө кыргыздар перзенттерине жаңы ат тандоодо башка түрк элдеринин ысымдар тизмесине да кайрылышат. Буга чейин да кыргыздар казак, өзбек ысымдарын үлгүгө алып, уул-кыздарына ат коюшкан.

Кыргыздарга тили жагынан эң жакын эл – алтайлыктар (түштүк алтайлыктар). Кыргыз жана алтай тилдери түрк тилдеринин Тоолуу Алтай (борбордук-чыгыш) тобунун өз алдынча кыргыз-кыпчак тобуна карайт. Бирок, бүгүнкү күндө кыргыздар менен алтайлыктар

* филология илимдеринин кандидаты, Экономика жана ишкердик университети, Жалал-Абад-Кыргыз Республикасы.
Candidate of Philology, University of Economy and Business. Zhalal-Abad-Respublika of Kyrgyzstan. E-mail: anvarsj@mail.ru

канчалаган жылдары ар аймакта бөлөк туруп калган элдерден. Тилден сырткары башка окшоштуктар да абдан көп, анткени, бир мезгилде бул эки улут бир эл болгон. Бул фактыга эч ким шек келтире албайт: өңтүсүбүз, тилибиз, маданиятыбыз, фольклорубуз, улут курамындагы урууларыбыздын аталыштары, ысымдарыбыз да окшош.

Алтайлыктардын жана кыргыздардын окшош ысымдарына мисал келтирсек: эркек аттары - Айылдаш, Айылчы – Айылчы; Акай – Акай; Аксагал – Аксакал; Акчабай – Акчабай, Акчабек; Байрам-Майрам; Белек – Белек; Јаманбала, Јаманул – Жаманбала, Жамануул; Јаркын – Жаркынбай, Жаркынбек; Јолду – Жолдубай; Јыргал – Жыргал; Какай – Какай; Кара, Карабала – Кара, Карабала; Качкын – Качкын, Качкынбек, Качкынбай; Койонок, Койончы – Коёнбай, Коёнкөз; Койчы – Койчу, Койчуман; Кӧкӱл – Көкүл, Көкүлбай; Кулун – Кулун, Кулунбай; Кумдузак – Кундузак; Малчы – Малчы; Сактан – Сактан; Салым-Салымбек; Сарыбаш – Сарыбаш; Сарытеке – Теке, Текебай; Тезек – Тезек, Тезекбай; Темир – Темир; Тойчы – Тойчу; Топчы – Топчу; Тӱлкӱ – Түлкү, Түлкүбай; Ӱкӱ – Үкү, Үкүбай; Чот – Чотбай, Чоткара; Чотпор – Чокмор; Шоҥкор – Шумкар; Эркелей, Эркемей – Эрке, Эркебай, Эркебек; Эстебе – Эстебес; эпчи аттары (кыздардын аттары) – Айбала - Айдай, Айылчы – Айыл, Айылда; Акча – Акча, Акчайым; Алтынбаш – Алтын; Байрам-Майрам; Јылдыс-Жылдыз; Јыргал – Жыргал; Карагыс – Каракыз; Карлагаш – Карлыгач; Койон – Коёнгүл, Коёнкөз; Кумаш-Кумаш; Кумдузак – Кундузак; Сарыкыс – Сарыкыз; Сырга – Сырга; Топчы – Топчу, Топчукан; Ӱкӱ – Үкү; Ырыспай – Ырыс, Ырыскан; Эркелей – Эрке, Эркайым ж.б.

Балким, өткөн убактарда кыргыздарда да төмөндө көрсөтүлгөн алтайлыктардыкындай аттары болгон, мисалы: Акчач, Аҥчы (аңчы, мергенчи), Атаган, Јарыкчы, Ирбис (илбирс), Кабак, Кичинекей, Кӧгӧн (көгөн), Кымыс, Мӧрӧй, Саадак, Саҥыскан (сагызган), Уктабай, Алтынчы, Болчокбаш, Ийнелик, Оймок, Ойынчы, Чечек (гүл), Эстебе ж.б.

Алтайлыктардын адам аттарынын айтылышын, маанисин байкасак, анда алардын мотивациясын да аныктасак болот. Алтайлыктардын ысым тандоо мотивациялары кыргыздардын ысым тандоо мотивациялары менен окшош: перзенттеринин саламаттыгын

коруу иретинде зоонимдерди (жаныбарлардын аталыштарын) пайдалануу, каалоо-тилектери менен ат коюу, мүнөздөмөлөрү боюнча ат коюу, ырымдоолордун таасири менен ат тандоо, баласынын төрөлүшүнө байланышкан сезимдерди билдирүү.

Алтайлыктардын антропонимиясына өтө жакын тууганчылыгы үчүн кайрылдык. Байыркы кыргыздар аталган улуттун ата-бабалары менен бир убакта бир элди түзүп, бир аймакта жашап келген.

Алтайлыктар менен байланыштарыбыз, албетте, көп жагынан абдан жакын, бирок, жаңы кыргыз этабы Орто Азия аймагында болгондугун унутпайлы. Түрк элдеринен биздин жакынкы кошуналарыбыз казактар жана өзбектер, андыктан алардын антропонимиясы менен кыргыздардын антропонимиясында окшоштуктар, шайкештиктер бир топ. Ага жерлерибиздин чектештиги, кошуналык карым-катнаштарыбыз, тарыхый окуяларыбыздын бир мейкиндиги, тилибиздин жана маданиятыбыздын окшоштугу, чогуу кабыл алган ислам дининин таасири, аны менен араб-иран тилдеринин таасири себеп болгон.

Казак тили түрк тилдеринин кыпчак тобунун ногой-кыпчак тобуна кирет. Салттуу казак антропонимиясы да кыргыз антропонимиясындай бир нече катмарлардан турат: нагыз түрк, казак лексикасынан келип чыккан ысымдар, моңгол тилдүү элдер менен ортоктош ысымдар, ислам маданиятынын таасири менен араб-иран тилдеринин каражаттарынын катышуусундагы ысымдар. Мындан сырткары, казак ысымдарынын тизмесинде да теңирчиликтин таасиринен, жаратылыштын кубулуштарын байкоолордон, жаныбарлардын аталыштарынан, ырымдардан, каалоо-тилектерден, ата-эненин перзентине болгон сезимдерден келип чыккан адам аттары даана байкалат. Алардын казак тилинде айтылышы, мазмуну кыргыз ысымдары менен абдан окшош, мисалы:

1) казак ысымдары: 2) кыргыз ысымдары:

*теңирчиликтен*

- Тәңірберген-Теңирберген, Теңирберди; Егемберді-Эгемберди;

*жаратылыштын таасиринен*

- Жұлдыз, Жұлдызай-Жылдыз, Жылдызкан; Ақай, Айтуған, Айбала, Айдай, Айкүміс, Айтолқын, Толғанай-Акай, Айбала, Айдай, Айкүмүш, Толгонай; Шолпан-Чолпон; Жетіген-Жетиген; Боран, Боранбай, Бораншы-Бороон, Бороонбай, Бороончу;

*жаныбарлардын, куштардын аталыштарынан*

- Бөрі, Бөрібай-Бөрү, Бөрүбай; Киікбай-Кийик, Кийикбай; Қозы, Қозыбай-Козу, Козубай; Құралай-Куралай, Марал-Марал; Бүркіт, Бүркітбай-Бүркүт, Бүркүтбай; Қарлығаш-Карлыгач; Тоты-Тоту; Торғай-Торгой;

*өсүмдүктөрдүн аталыштары боюнча*

- Алмагүл-Алмагүл; Бидайбек-Буудайбек; Жамбыл-Жамбыл;

*ата-эненин баланын төрөлүшүнө байланышкан сезимдеринен*

- Қуан, Қуанбай, Қуаныш-Кубан, Кубанбек, Кубаныч; Сағын, Сағындык-Сагын, Сагындык;

*каалоо-тилектерден*

- Байбатыр, Байбол, Байгелді-Байбаатыр, Байбол, Байкелди; Бекболат, Бекболсын-Бекболот, Бекболсун; Бектұр, Бектұрсын-Бектур, Бектурсун; Тұрсын, Тұрсынай-Турсун, Турсунай; Болат-Болот; Темір-Темир; Тастан-Таштан; Құттыбай, Құттыбек-Куттубай, Куттубек; Алтын-Алтын; Күміс-Күмүш, Қымбат-Кымбат; Сұлу, Сұлыхан-Сулуу, Сулуукан; Сымбат-Сымбат; Қымбат-Кымбат; Өмірбек, Өмірзақ-Өмүрбек, Өмүрзак; Жанұзақ-Жанузак;

*ырымдоолордон*

- Жаманғара-Жаманкара; Сатыбалды, Сатыбек-Сатыбалды, Сатыбек; Тоқтасын-Токтосун; Анарбай, Анарбек-Анарбай, Анарбек; Артық-Артык; Тұмар-Тумар; Сырға-Сырга;

*этноантропонимдер (уруулардын, элдердин аталыштары боюнча)*

- Алшынбай-Алчынбай; Арғын, Арғынбай-Аргын, Аргынбай; Найманбай, Найманбек-Найманбай, Найманбек;

*ислам дининин, араб-иран тилдеринин таасиринен*

- Аббас-Аббас; Әбділда-Абдылда; Әбдіқадыр-Абдыкадыр; Әбдірайым-Абдырайым; Әбдіразақ-Абдыразак; Гүлғайша-Гүлайша; Жамал-Жамал; Зейнеп-Зейнеп, Шырын-Ширин ж.б.

Кыргыз менен казактын өң-түсү, тили, улуттук маданияты, үрп-адаттары, салты өтө жакын элдерден. Бир мезгилдерде калмактарга бирге каршы чыгып, жанаша аймактарда үй тигип, кудалашып, тойлорду чогуу өткөрүп келгенбиз. Ысымдарыбыз да окшош. Окшоштуктарыбызга тамашалуу ырдан мисал келтирсек:

Сенин кийгениң ак калпак,
Менин кийгеним ак калпак,
Сенин бетин жапжалпак,
Менин бетим жапжалпак,
Кимибиз кыргыз, кимибиз казак?

Бул тамашалуу ырды эки тилде бирдей айтсак болот.

Казакстандан сырткары, түрк мамлекеттеринен Кыргызстан Өзбекстан менен чектешет. Муну менен бирге, кыргыздар Өзбекстандын аймагында, өзбектер Кыргызстандын түштүк аймагында турушат. Өзбек тили түрк тилдеринин карлук тилдерине кирет, тактап айтсак, карлук-хорезм тобу. Уйгур тилине жакын тил. Өзбек тилинде иран тилдеринин, алар аркылуу араб тилинин зор таасири байкалат. Диалектилери боюнча кыпчак тобуна, огуз тобуна да тиешеси бар.

Кыргыздардын антропонимиясы менен өзбектердин антропонимиясында окшош ысымдар, шайкеш антропонимиялык жараяндарды төмөнкү мисалдардан көрсөк болот:

1. өзбек ысымдары: 2. кыргыз ысымдары:

*баланын төрөлүшүнө болгон мамилелерден, сезимдерден*

- Келдихон, Келсин, Келсиной-Келсин, Келсинай, Келсинкан, Келсинбүбү; Меҳмон, Меҳмоной, Меҳмонкелди-Мейман, Мейманалы, Мейманбек, Мейманбай, Меймангүл, Мейманжан; Хумор-Кумар; Орзунисо-Арзыкан; Тилаболди-Тилебалды, Тилек; Умид, Умида-Үмүт; Севиндик, Севинч, Суюндиқ-Сүйүн, Сүйүндүк; Кувондиқ, Кувонч, Кувонтой-Кубан, Кубаныч, Кубанычбек; Яхшилик-Жакшылык;

*этноантропонимдер (уруулардын, элдердин аталыштары боюнча)*

- Найман-Найманбай, Найманбек; Олчин, Олчинбек-Алчын, Алчынбай, Алчынбек; Қипчоқ-Кыпчак, Кыпчакбай, Кыпчакбек; Қирғиз-Өзбек; Қўнғирот-Коңурат;

*жаныбарлардын, куштардын аталыштары боюнча*

- Маралжамол-Марал, Акмарал; Сувсар-Суусар; Қундуз-Кундуз; Қарлиғоч-Карлыгач; Тўти-Тоту, Тотукан; Тўрғай-Торгой;

*өсүмдүктөрдүн аталыштары боюнча*

- Атиргул-Атыргүл; Райҳон-Райкан; Бодомгул-Гүлбадам;

*ырымдоолордон*

- Анорбой, Анора-Анар, Анарбек, Анарбай; Тожи, Тожигул-Таажыгүл, Таажыкан; Ёмонбола, Ёмонкул-Жаманбала, Жаманкул; Бўлакбой-Бөлөкбай; Тўхтасин-Токтосун; Ортиқ-Артык;

*каалоо-тилектерден*

- Ботир-Баатыр; Умрзоқ-Өмүрзак; Эсон-Эсен; Омон-Аман; Тошбой-Ташбай; Пўлат-Болот; Темир-Темир; Турсун-Турсун; Турғун-Тургун; Кутли, Кутликелди-Куттубай, Куттубек; Кумуш-Күмүш; Тўра-Төрө; Ёрқиной-Жаркынай;

*жаратылыштын таасиринен*

- Юлдуз-Жылдыз; Ойтўлди, Ойтўлиқ – Айтолду, Толгонай; Довулбой-Добул, Добулбек;

*ислам дининин, араб-иран тилдеринин таасиринен*

- Абдулжаббор-Абдыжапар; Абдулкарим-Абдыкерим; Абдулқодир-Абдыкадыр; Аҳмад-Акмат; Асал-Асел; Гулжамол-Гүлжамал; Гулшод-Гүлшат; Жамол-Жамал, Зайнаб-Зейнеп, Сафар-Сапар; Ширин-Ширин ж.б.

Кыргыз жана өзбек антропонимияларында окшоштуктар арбын, бирок, өзбек антропонимиясында иран тилдеринин, алар менен араб тилинин, таасири көп байкалат.

Алтай, казак жана өзбек антропонимиясынан сырткары, кыргыз антропонимиясы башка түрк элдеринин антропонимиялары менен да (ислам дининин таасири менен пайда болгон ысымдарды эске албаганда) бир катар окшоштуктарга ээ, мисалы:

- башкырт ысымдары: Сулпан (Чолпон), Йондоҙ (Жылдыз), Һағындыҡ (Сагындык), Торһон (Турсун), Һылыу (Сулуу), Юлдыбай;
- карачай-балкар ысымдары: Къочхар, Къозу, Тюлкю, Бёрю, Жулдуз, Къундуз, Бекболат;
- крым татарларынын ысымдары: Байрам, Батыр, Бекташ, Бектемир, Улан, Умер, Кенжегуль;
- ногой ысымдары: Байдемир, Байрам, Бекболот, Кенжеболат, Коьккоьз, Оьмирбек, Суьйиндик, Темирбек, Йибек, Куьмис, Алтын, Юлдыз;
- татар ысымдары: Чулпан, Йолдыз, Айсылу, Куандык, Торсын, Алтын, Таштимер, Батыр, Котлыбай, Юлбарыс, Карлыгач, Миңлебай;
- тувалыктардын ысымдары: Белек, Маадыр (Баатыр), Мерген, Алдын-оол, Алдын-кыс, Кара-кыс, Моңгуш;
- түрк ысымдары: Aydan, Baykara, Bahadır, Gülsün, Demir, Dilek, Deniz, Dolonay, Dursun, Durdu, İpek (Жибек), Yiğit;
- кумык ысымдары: Акъай, Атабай, Атай, Батыр, Бектемир, Болат, Къанболат;
- хакас ысымдары: Ағбай, Айдолай, Мирген, Хара, Харахыс, Ӧртек (Өрдөк), Нохай (Ногой–ит), Суна (Чоно-бөрү);
- тувалыктардын ысымдары: Белек, Маадыр (Баатыр), Мерген, Ак-оол, Алдын-оол, Кара-оол, Алдын-кыс, Кара-кыс ж.б.

Окшоштуктар түркмөн, азербайжан, каракалпак, уйгур ысымдарынын тизмесинде аз же көп түрдө табылат, бирок якут жана

чуваш антропонимиясында алар дээрлик жок, анткени якут жана чуваш тилдери жалпы түрк тилдеринен бир топ айырмаланышат. Чуваштардын улуттук антропонимиясы (татар антропонимиясынын таасирин эске албаганда) өзгөчөлөнөт, якуттардын улуттук антропонимиясы дээрлик сакталбай калган. Алардын ысымдарына христиан дини, орус тили кыйла таасир эткен.

Тувалыктардын ысымдар тизмесинде буддизмдин таасири байкалат. Молдавиядагы гагауздар христиан динин кабыл алып, ысымдары негизинен грек жана болгар антропонимиясынан алынган. Түрк, гагауз лексикасынан түзүлгөн ысымдары жокко эсе.

Кыргыз жана жогоруда аты аталган түрк элдеринин ысымдарында окшоштуктар бар экендигинде шек жок: айтылышында, маанисинде, мотивациясында. Биз айтылышы боюнча гана мисалдарды келтирдик. Жалпы түрк лексикасы боюнча, мотивациясы боюнча, диний таасирлер боюнча окшоштуктар жогорудагы мисалдардан көп.

**АДАБИЯТ**

1. Жанұзақов, Т., Есбаева К. Қазақ есімдері (анықтама сөздік) [Текст] / Т.Жанұзақов, К. Есбаева. - Алматы: Ғылым, 1988. - 478 б.
2. Кенжаева, С.Э. Ўзбек антропонимларининг семантик ва социолингвистик тадқиқи [Текст]: филол. фанлари номзоди илим. ... дис. автореф. - Тошкент, 2011. - 17 б.
3. Справочник личных имен народов РСФСР [Текст]: словарь-справ. / под ред. А.В. Суперанской. - М.: Рус. яз., 1979. - 656 с.